## I. Соцпедагогдун функционалдык милдеттери

Билим берүү уюмунун социалдык педагогунун иш-аракетине балдар, жаш өспүрүмдөр, анын ата-энеси (мыйзам өкүлдөрү), класс жетекчилер, мугалимдер, мектеп жетекчилиги, балдар менен иштеген комиссия, социалдык коргоо мамлекеттик уюмдарынын өкүлдөрү, психологиялык, медикалык, педагогикалык консультация жана башка менен иш жүргүзүү кирет.

**Социалдык педагогдун функцияларына төмөнкүлөр кирет:**

- балдар, жаш өспүрүмдөр жана бойго жеткен адамдар менен ишенимдүү мамиле түзүү;
- "социалдык диагнозун" аныктоо жана негиздөө. Билим берүү мекемелеринде көнүгүүлөрдү жана алган билимдерин өздөштүрүү боюнча ден соолугун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын, эмгектенген балдардын, мыйзамга каршы иш аракеттерди жасаган балдар жана оор жумуш акыбалдагы балдардын башка категорияларынын потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо үчүн балдар менен үй бүлөөлөрдүн социалдык-турмуштук жашоосун жана социалдык чөйрөсүн изилдөө;
- Чечүүнү талап кылган социалдык чөйрө менен маселелердин актуалдуу көйгөйлөрүн эске алып социалдык-педагогикалык иш-аракетти пландаштыруу, жана аны анализдөө;
- окуучулардын социалдык тарбиясына, биргелешкен эмгек жана эс алуусуна бир эле мектептин башкармалыгын эмес, коомчулукту, микрорайондун жашоочуларын тартуу жана демилге берүү;
- социалдык чөйрөсү жана үй-бүлөө тарабынан балдардарга жана жаш өспүрүмдөргө көрсөтүлгөн бүт тарбиялоочу таасирлерди тууралоо;
- балдардын жана жаш өспүрүмдөрдүн кылмыш (делинквенттик) жана оогон (девианттык) жүрүм-турумун алдын алуу боюнча профилактикалык чараларды уюштуруу;
- ачык микрочөйрөдө жаш өспүрүмдөрдүн жана балдардын социалдык маанилүү иш-аракеттерин уюштуруу;
- жеке инсандардын ортосундагы чыр-чатактарды жоюуга жардам көрсөтүү;
- психологиялык-педагогикалык талаптарды эске алуу менен окуучуларды ар кандай пайдалуу иш-аракеттерге тартуу;
- өзүн таануу жана өзүн өнүктүрүү аркылуу баланын өнүгүүсүндө тажрыйбалуу социалдык-педагогикалык колдоо көрсөтүү;
- Социалдык коргоо органдары жана башка мамлекеттик органдар кызматташуу;